**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

---

# ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 3- токтому**

**Акча каражатын жылдыруу жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Б.Байзакованын кайрылуусун карап жана талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Жоошолуу жайлоосунда Сибирь жарасынын очокторун кашалоо жана дарылоо иштерине каралган акча каражатын башкаруу бөлүмүнүн 2215 беренесинде тургандыгына байланыштуу коммуналдык чарба бөлүмүнүн 3111 беренесине жылдырылып берилсин.

2. Турак жай бөлүмүнүн 3111 беренесинен каралган Кара-Булак айылындагы жаңы курулган жолдун жээгине латок алуу үчүн каралган акча каражатынын максаты Кара-Булак айылындагы ФАПтын айланасын тоосу үчүн акча каражаты жылдырылып берилсин.

3. Акча каражатын жылдырып берүү жагы айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Б.Байзаковага жүктөлсүн

4. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**